**“Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн жана Ленин айыл аймактарынын чек арасынын баяндамасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна Маалымкат негиздеме**

“Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн жана Ленин айыл аймактарынын чек арасынын баяндамасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Ленин айыл аймагына караштуу төмөнкү контурлардагы жер тилкелерин: № 1382 аянты 16 га, № 1384 аянты 7,3 га, № 1386 аянты 5,2 га, № 1388 аянты 1,2 га, № 1389 аянты 6,6 га, № 1410 аянты 33,2 га, № 1416 аянты 8,7 га, № 1418 аянты 20,4 га жана аянты 41,5 га № 1352 контурдун бөлүгүн, аянты 69,80 га № 1354 контурдун бөлүгүн, жалпысынан 209 га жер аянтын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн айыл аймагына максатын жана менчигинин түрүн озгөртпөстөн пайдалануу үчүн өткөрүп берүүдөн улам эки аймактын чек аралары өзгөргөндүктөн, алардын чек араларынын баяндамаларын бекитүү максатында иштелип чыкты.

Аламүдүн районундагы Аламүдүн айыл аймагындагы Садовое айылы Аламүдүн районундагы Ленин айыл аймагына караштуу жер аянтчасынын ичинде анклав болуп, Ленин айыл аймагынын администрациялык борбору Ленинское айылынан 12 км, Аламүдүн администрациялык борборунан 1,5 км аралыкта жайгашкан. Садовое айылына барган жол дагы Ленин айыл аймагынын чегинде.Ошол Садовое айылын курчап турган Ленин айыл аймагына караштуу 209 га жер аянтын Аламүдүн айыл аймагына өткөрүп берген шартта эки айыл аймагынын чек аралары так ажыратылмакчы. Бул маселе эки айыл аймактын тургундары тарабынан байма-бай көтөрүлүп келет.

2019-жылдын 3-мартында Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Ленин айыл аймагынын жашоочуларынын жалпы жыйынында Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн айыл аймагына максатын жана менчигинин түрүн өзгөртпөстөн төмөнкү контурлардагы жер тилкелерин: № 1382 аянты 16 га, № 1384 аянты 7,3 га, № 1386 аянты 5,2 га, № 1388 аянты 1,2 га, № 1389 аянты 6,6 га, № 1410 аянты 33,2 га, № 1416 аянты 8,7 га, № 1418 аянты 20,4 га жана аянты 41,5 га № 1352 контурдун бөлүгүн, аянты 69,80 га № 1354 контурдун бөлүгүн өткөрүп берүү боюнча жана айыл аймактын өзгөрүлгөн чек араларын бекитүү тууралуу маселе каралып, колдоо боюнча чечим кабыл алынган.

2019 - жылдын 20 – мартында Аламудун айыл аймагынын жашоочуларынын жалпы жыйынында жогоруда көрсөтүлгөн контурлардагы жер тилкелерин максатын жана менчигинин түрүн өзгөртпөстөн кабыл алуу боюнча жана айыл аймактын өзгөрүлгөн чек араларын бекитүү туралуу маселе каралып, колдоо боюнча чечим кабыл алынган.

Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Ленин айыл өкмөтү тарабынан “Жер тилкелерин өткөрүп берүү тууралуу жана Ленин менен Аламүдүн айыл аймактарынын чек араларын бекитүү тууралуу” 2018-жылдын 27 – апрелинде № 36 токтому кабыл алынган.

Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн айыл өкмөтү тарабынан “Жер тилкелерин кабыл алуу тууралуу жана Ленин менен Аламүдүн айыл аймактарынын чек араларын бекитүү тууралуу” 2018-жылдын 7 – майында № 44 токтому кабыл алынган.

Ленин жана Аламүдүн айыл өкмөттөрүнүн жана алардын жашоочуларынын кабыл алынган чечимдеринин негизинде жогоруда

көрсөтүлгөн контурлардагы жер тилкелерин өткөрүп берүү боюнча маселе Ленин айылдык кеңеши тарабынан каралып, колдоо боюнча 2018-жылдын 12-февралында № 512 жана 2019-жылдын 8-апрелинде № 93 чечимдери кабыл алынган.

Ленин жана Аламүдүн айыл аймактарынын чек араларын бекитүү боюнча маселеси Чүй облусунун Аламүдүн районунун Аламүдүн айылдык кеңешинде дагы каралып, колдоо боюнча 2018 -жылдын 22 -февралында № 54-27 жана 2019 –жылдын 18- апрелинде № 113-27 чечимдери кабыл алынган.

Ленин жана Аламүдүн айылдык кеңештеринин кабыл алынган чечимдеринин, жер тилкелерин өткөрүп берүү боюнча колдоо жөнүндө Аламүдүн районунун мамлекеттик администрациясынын 2019-жылдын 14-майындагы №147-р чечиминин негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан 2019 – жылдын 4 -июнунда № МА -13-397 Аламүдүн районунун Ленин жана Аламүдүн айыл аймактарынын чек араларын өзгөртүү жана бекитүү тууралуу сунуш берилген.

Аламүдүн районунун Ленин жана Аламүдүн айыл аймактарынын чек араларын бекитүү тууралуу маселе Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Административдик-аймактык түзүлүштүн маселелерин жана географиялык аталыштарын кароо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын отурумунда 2020-жылдын 26-ноябрында каралып, колдоого алынган.

Мыйзам долбоорун иштеп чыгууга "Административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесине жана 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен бекитилген Административдик-аймактык түзүлүштүн маселелерин кароо тартиби жөнүндө жана Административдик-аймактык түзүлүштүн маселелерин жана географиялык аталыштарын кароо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишмердиги жөнүндө Жобого ылайык, бардык документтер тапшырылган.

Бул мыйзамдын долбоору боюнча "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан укуктук, укук коргоочулук, коррупцияга каршы жана гендердик экспертизалардын корутундулары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы тарабынан илимий экспертизанын корутундусу даярдалган.

Ушул Мыйзам долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт, ошондой эле бул маселени жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын талаптарына туура келет.

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык ушул Мыйзамдын долбоору коомдук талкуулоо жол-жобосунан өтүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий сайтына жайгаштырылган.

Мыйзам долбоору Конституцияга жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укук тутумунун ажыралгыс бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдерине каршы келбейт. Мыйзам долбоорун иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын жергиликүү өз алдынча башкарууларынын Союзу менен консультация жүргүзүлгөн. Бул Мыйзам

долбоору ишкердикти жөнгө салууга багытталбагандыктан жөнгө салуучулук таасирин талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт.

2021-жылдын сентябрында мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана региондорду өнүктүрүү министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жиберилген. Бирок андан соң Ленин айылдык кеңеши өзүнүн 2021-жылдын 20-сентябрындагы №10/10-XXVIII токтомун жокко чыгарган, андан соң Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы өкүлү өзүнүн 2021-жылдын 27-октябрындагы № НА -05- 1/185 каты менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жогорудагы аталган мыйзам долбоорун жактырууну токтото туруу тууралуу кайрылган.

Чүй облусунун Административдик соту 2022-жылдын 20-апрелинде, Аламүдүн айыл өкмөтүнүн жана Аламүдүн айылдык кеңешинин доо арызын карап чыгып, Ленин айылдык кеңешинин жогоруда аталган 2021-жылдын 20-сентябрындагы №10/10-XXVIII токтомун жокко чыгарган (соттун чечиминин көчүрмөсү тиркелет).

Аламүдүн районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары Б.Н. Абдыгулов Агенттикке аталган мыйзам долбоорун жылдыруу боюнча практикалык ишти калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылды.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**
**караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү**
**өз алдынча башкаруу иштери боюнча**
**мамлекеттик агенттиктин директору** **Э. Н. Джантаев**